Бекитемин ________
№ 69 окуу-тарбия
комплекс-гимназиясынын
директору Атаева С.Т

# Бишкек шаарындагы № 69 ОТК-гимназиясынын профилактикалык кеңешмеси жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1 .Мектепте профилактикалык кеңешме тартип бузуунун алдын алуу, окуучунун окуу деңгээлин жана жүрүм-турумун жакшыртуу максатында өтүлөт.

1.2 .Профилактикалык кеңешменин мүчөлөрү мектеп директорунун атайын буйругу менен бекитилет. Кеңешменин мүчөлөрү мектеп администрацисынын мүчөлөрүнөн, мектеп психологу, социалдык педагог, мектеп президенти, ИДН кызматкери , МТУнун өкүлдөрү, ата-энелерден турат.

1.3 .Профилактикалык кеңештин төрайымы (төрагасы),катчысы бекитилет.

## 2. Профилактикалык кеңешменин милдеттери:

2.1. Окуучулар арасындагы ар кандай укук бузуучулук жүрүм-турумду (башкаларга салык салуу, үстөмдүк кылуу, сабакты себепсиз көп калтыруу, сабакты начар өздөштүргөн,алкоголдук ичимдикти пайдалануу, тамеки , насвай чегүү, мугалимдер же башка окуучулар менен конфликт болуу ж.б.) алдын алуу;

2.2. Укук бузгандардын жүрүм-турумун түзөтүү жагдайына буруу;

2.3. Окуучулар арасындагы өз ара келишпестик мамилелерди жөнгө салуу;

2.4. Окуучулардын окууга болгон мамилесин жакшыртуу;

2.5. Окуучуга көзөмөл кылуу үчүн ата-эненин жоопкерчилигин күчөтүү;

2.6. Окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

2.7. Окуу-тарбия иштериндеги аныкталган кемчиликтерди жоюу.

## 3. Профилактикалык кеңештин укуктары;

3.1. Үй-бүлөдөгү маселелердин чечилишине жардам берүүгө;

3.2. Окуучуларга жана ата-энелерге тиешелүү сунуштарды киргизүүгө;

3.3. Окуучулардын жана ата-энелердин мектептин уставына ылайык иш жүргүүзүүнү талап кылууга;

3.4. Окуучунун тартип бузуу дегээлине ылайык эскертүү берүүгө, мектептин ички көзөмөлүнө, же ИДН дин көзөмөлүнө сунуштоого ;

## 4. Профилактикалык кеңештин жүрушүн уюштуруу:

4.1. Профилактикалык кеңеш болор күнү алдын ала директор алдындагы кеңешмеде белгиленип, өндүрүштүк кеңешмеде класс жетекчилерге эсертилет;

4.2. Кеңеш айына бир жолу же зарыл болгон учурда андан да көп болушу мүмкүн;

4.3. Профилактикалык кеңеште каралуучу маселелер окуучуларга жана анын ата-энелерине, профилактикалык кеңеш болор күнү, убактысы алдын ала класс жетекчи тарабынан билдирилет;

4.4. Профилактикалык кеңешке каралып жаткан окуучу өзүнүн ата-энеси же окуучунун милдети жүктөлгөн адам менен жана класс жетекчи болуп чогуу киришет;

4.5. Кеңешмеде каралып жаткан окуучу жөнүндө тарбия иштери боюнча директордун орун басары, окуу- тарбия иштери боюнча директордун орун басары же ИДН кызматкери билдирүү жасайт;

4.6. Класс жетекчи окуучуга кыскача мүнөздөмө берет;

4.7. Эгерде окуучу кайсы бир предметтен жетишпей жаткан болсо, предметтик мугалим кошо катышып, окуучунун сабак өздөштүрүү деңгээли жөнүндө маалымат берет;

4.8. Каралып жаткан маселе профилактикалык кеңештин мүчөлөрү жана ата-эне менен бирге талкууланып, себептери аныкталат;

4.9. Профилактикалык кеңештин жүрүшү жана чечимдери катчы тарабынан протоколго түшүрүлүп, көзөмөлгө коюлган окуучунун мөөнөтү белгиленет;

4.10. Белгиленген мөөнөтү бүткөндө, окуучу кайрадан профилактикалык кеңеште каралып, көзөмөлдөн чыгарылат, же көзөмөлдөгү мөөнөтү узартылат.